Аскар Абдыкадыр

ФАЛСАФА-ПРОЗА

Эсселер, миниатюралар, новеллалар



Бишкек — 2026

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институту

Аскар Абдыкадыр
(А. Бекбоев)

ФАЛСАФА-ПРОЗА

Эсселер, миниатюралар, новеллалар

Бишкек — 2026

УДК 1/14
ББК 87.52
А 13

Китеп Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институту тарабынан басууга сунушталган.

Атайын редактор:

З. А. Алымкулов — философия илимдеринин доктору.

Рецензенттер:

Н. Сыдыков — филология илимдеринин кандидаты, доцент.
А. К. Бабашов — философия илимдеринин доктору.
К. А. Исаков — философия илимдеринин доктору, ОшМУнун профессору.

Техникалык редактор: Ч. Сооронбаева

Аскар Абдыкадыр (А. Бекбоев)

А 13 Фалсафа-проза: эсселер, миниатюралар, новеллалар / А. Бекбоев. — Бишкек, 2026. — 278 б.

Аскар Абдыкадырдын «Фалсафа-проза» жыйнагында адамдын ички дүйнөсү, өзүн жана өзгөнү түшүнүүсү, ой менен сөздүн жоопкерчилиги, учурдун карама-каршылыктары, өмүр менен мезгил тууралуу толгоолор камтылган. Эсселерде философиялык ой турмуштук байкоолор менен айкалышса, миниатюралар менен новеллаларда адамдын мүнөзү, абийири жана тандоосу күндөлүк окуялар аркылуу ачылат. Автор окурманды өз тажрыйбасына кайрылууга, көнгөн түшүнүктөрүн кайра таразалоого, жаныбыздагы адамдын үнүн угууга чакырат. Китеп адам болмушу жана жашоонун мааниси жөнүндө ой жүгүртүүгө кызыккан кеңири окурмандарга арналат.

© А. Бекбоев, 2026

МАЗМУНУ

Алгы сөз.....8

I БӨЛҮМ. ӨЗҮМДӨН ӨЗГӨГӨ.....9

1.1. Өзүмдөн өзгөгө.....9

Эсселер түрмөгү

1. Эмпат.....9
2. Сени түшүнөм… Түшүнөмбү?.....10
3. Айтылбаган сөздүн салмагы.....13
4. Сенин кубанычың — менин сыноом.....15
5. Боорукердиктин чеги.....18
6. Өзгөнү угуп, өзүңдү укпай калганда.....20
7. Түшүндүм. Бирок макул эмесмин.....23
8. Жүрөк козголду. Анан?.....26
9. Мени ким угат?.....29
10. Сага жакындап, өзүмдү тааныдым.....32

1.2. Айтылбагандын үнү.....35

Мининовеллалар түрмөгү

1. Экинчи чыны.....35
2. Сүрөттөгү аралык.....37
3. Туура эмес божомол.....40
4. Биринчи нуска.....42
5. Өзүм чечтим.....45
6. Ошону сен гана билчү элең.....48
7. Ал бул жерде жок.....51
8. Күтүп турган экен.....53
9. Сөз баштай албай.....56
10. Мурдагыдай эмес.....59

II БӨЛҮМ. АДАМ БОЛУУ.....63

2.1. Адамдыктын өзөгү.....63

1. Адам… — эки бөлүктүү ойчабыт.....63
2. Чыныгы жүздүн драмасы.....69
3. Сен өзүң кандай болсоң — дал ошондойсуң.....72
4. Балдар да мугалим.....73
5. Карыз.....77

6. Парадокс…80
7. Императив…82
8. Нарктуулук…85

2.2. Адам болуу жолунда…88
1. Жашоо этикасы…88
2. Кыйынчылык…90
3. Кысталыш…92
4. Парадокс, бирок…94
5. Түйшүгү арбын улуу жол…96
6. Бүкүр…98
7. Өзүңдөн кайда жашынасың?…99
8. Бирөө, ошол бирөө, ошол эле бирөө…103
9. Неоимперативдер — ички тартип тууралуу он ой…104

III БӨЛҮМ. ОЙДУН ЖОЛДОРУ…111

3.1. Ой жана аңдоо…111
1. Эмне үчүн философия философтордон мурда пайда болот?…111
2. Билим…116
3. Ой…118
4. Ой жана адам…122
5. Ойтүрмөк…125
6. Ойду да иргей бил…127
7. Ой тынганда…128
8. Архе-ой…130

3.2. Ойдун өрүшү…131
1. Чектелген ой жүгүртүү…131
2. Экилтик…133
3. Фалсафа-саптар…134
4. Фалсафа-терме…135
5. Биршилтемдер…137
Формалар жана түстөр…138
Ой жүгүртүү маданияты тууралуу фалсафалык практикумдар
Кириш сөз…138
1. Кемтик ойлом…139
2. Жалпылаган ойлом…139
3. Үзгүлтүксүз ойлом…139

4. Сыдырма ойлом.....140
5. Капсалаң ойлом.....140
6. Чектелген ойлом.....141
7. Аралаш ойлом.....141
8. Ачылган ойлом.....142
9. Ой-күрөө.....142
10. Медитативдик ойлом.....142
Соңку ой.....143
Адам болмушунун философиясы.....143
Он фалсафа-жобо
Жүрүш алдында.....145
Мининовеллалар түрмөгү
1. Токтогон кол.....145
2. Мен каалаган атаандаш.....147
3. Жаңылгандан кийин.....148
4. Пешка.....150
5. Жеңиш.....151
6. Саат.....153
7. Такта жыйналгандан кийин.....154
IV БӨЛҮМ. СӨЗДҮН ӨМҮРҮ.....157
1. Тил биз аркылуу сүйлөйт….....157
2. Сөз….....161
3. Кыргызкеп….....164
V БӨЛҮМ. УЧУРДУН ЖҮЗҮ.....169
5.1. Учур жана жоопкерчилик.....169
1. Учур табышмагы….....169
2. Учурдун үч тезиси….....171
3. Ал жана аны менен жүргөндөр….....174
4. Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн….....180
5. Куру сөздүн үнү.....182
6. Инсинуатор….....184
7. Деп-прессия….....187
8. Көздүү сокур….....188
9. Чыйкан….....190
10. Баары өзгөрөт….....192
11. Мүнөз.....193

12. Аңтарылган учурдагы сапырылган кептер…194
13. Аңтарылган жашоо…196
14. Тең эместиктин теңдиги…197
15. Теңтушу бар — теңи жок…199
16. Эгемендик…202

5.2. Учурдун сыноолору…206
1. Улуу көч…206
2. Реформа…213
3. Сормо саз…217
4. Аңгек-дөңгөк…223
5. Чунак…225
6. Бечара…226
7. Күзгү…228
8. Антиэволюция…229
9. Азыркы замандын жоломандары…232
10. Апаат — Апокалипсис…236
11. Адам жоголобу?…239
12. Жел дүйнө… — адамдын санариптик жалгыздыгы…242
Тактанын сыртында…245
Мининовеллалар түрмөгү
1. Кол…245
2. Өзүбүздүн киши…246
3. Таза кабар…247
4. Кезек…248
5. Тең чыгуу…249
6. Бош орун…250

VI БӨЛҮМ. ӨМҮРДҮН КҮНГӨЙ-ТЕСКЕЙИ…252

6.1. Өмүр жана мезгил…252
1. Күнгөй — Тескей…252
2. Балалык менен коштошуу… — аудиоминидрамадан монолог…253
3. Бир күн…255
4. Адам: «Азыр» менен «Кийиндин» ортосунда…255
5. Улуу жол…257
6. Чексиздиктин мусаапырлары…258
7. Биз — барбыз…259

8. Карылык…260
9. Ак бубак чач кайра карарбайт…261
10. Мезгил коногу…262
6.2. Жашоонун элестери…263
1. Көл…263
2. Коңур көлдөн бир үзүм…264
3. Жашоо эстетикасы…265
4. Бир ууч топурак…265
5. Бир ууч күл…267
6. Түн жана шам…267
7. Таш…268
8. Көлөкө…269
9. Жалгыздык…269
10. Жашоо драмасы…270
Соңку эссе. Сулуулук дүйнөнү сактайт…272
Соңку сөз…277

АЛГЫ СӨЗ

Кээ бир ойлор кагазга түшкөн күнү эле бүтүп калбайт. Убакыт өткөн сайын кайра чакырат. Бир кезде жазган саптарыңды окуп, анда өзүң байкабай калган маанини табасың. Айрым ойлоруңа кошуласың, айрымдары менен талашасың. Ошентип, жазылган сөз менен да маек улана берет.

Бул китепке кирген эсселер, миниатюралар жана новеллалар — ошондой кайрылуулардын жемиши. Алардын башаты ар башка: биринде көңүлгө уюган көрүнүш, биринде уккан сөз, дагы биринде жооп издеткен суроо бар. Кээде күндөлүк тириликтин кичинекей окуясы көптөн бери көкүрөктө жүргөн ойго эшик ачат. Кээде бир адамдын унчукпай койгону айтылган сөздөн да оор сезилет.

Бул чыгармаларды бириктирген — адамга болгон кызыгуу. Адамдын өзүн кандай түшүнөрү, өзгөнү кандай угары, сөзүнө канчалык ээ болору, күчүн эмнеге жумшары. Өмүрдүн күнгөйүндө да, тескейинде да адамдык наркын кантип сактап калары.

Китептин жолу өзүмдөн өзгөгө карай башталат. Андан ары адам болуу, ойдун жана сөздүн жоопкерчилиги, учурдун жүзү, өмүр менен мезгил тууралуу толгоолорго өтөт. Бул темалар бири-бирине кайрылып турат. Анткени өзүн таанууга аракет кылган адам эртеби-кечпи башка адамдын тагдырына да үңүлөт. Ал эми өзгөнү түшүнө баштаганда, өзүнө мурдагыдан башкача карайт.

Эсседе ой түз айтылса, новеллада ал адамдын кылыгынан, тандоосунан, кээде бир гана кыймылынан көрүнөт. Айрым миниатюралардын соңунда суроо ачык калат. Ошол суроонун окурмандын өз тажрыйбасы менен жолугушун кааладым.

Бул китепти окуп жатып, мага кошулбаган учурларыңыз да болор. Андай пикирди да маектин бир бөлүгү катары кабыл алам. Сөздүн өмүрү аны жазган адам менен эле чектелбейт. Окурмандын көңүлүнө жеткенде, ал жаңы мааниге ээ болот.

Кайсы бир сап сизди токтотуп, өзүңүзгө же жаныңыздагы адамга дагы бир ирет көңүл бурдурса, ушул эмгектин бир тилеги орундалганы ошол.

Калганын китептин өзү айтсын.

I БӨЛҮМ. ӨЗҮМДӨН ӨЗГӨГӨ…

1.1. ӨЗҮМДӨН ӨЗГӨГӨ…

Эсселер түрмөгү

I. ЭМПАТ…

Сезимтал адам…

Сезими менен ойлонот.

Сезими менен баалайт.

Сезими менен жашайт.

Сезимталдын сезими оргуштап турат. Кээде өзүнө батпай кетет. Жулунуп чыгып, ээсин ээрчитип алат.

Сезимтал сезимин ээрчийт…

Ээрчигенин билбейт.

Ээрчитип жүрөм деп ойлойт.

Созолонто үн салып ырдаса, үнүнө сезими кошулат. Чимирилип бийлесе, сезими кошо бийлейт. Көзүнө заматта жаш келсе, сезими мөлтүлдөп төгүлөт.

Жактыруусу да бат.

Жек көрүүсү да бат.

Көңүлүнө жакын алганы да,

көңүлү калганы да бат…

Сезимге камчынын кереги жок.

Сезим — күлүк.

Кээде ойду чаңда калтырат.

Кээде сезим акыл менен кеңешпей ишке киришет. Кесепетин кийин акыл таразалайт. Бир ирмемде айтылган сөздүн өкүнүчү көпкө созулат…

Анткен менен сезимдин болгону дурус.

Сезимсиз жашоо — супсак.

Бирөөнүн кубанычы көңүлүңө жетпесе, бирөөнүн кайгысы жүрөгүңдү козгобосо, адам адамга кантип жакындайт?..

Бирок ар бир сезимтал адам өзгөнүн сезимин туя бербейт. Өз сезимине батпай жүрүп, жанындагы адамдын муңун байкабай калышы да мүмкүн.

Ичинде бороон жүрүп турат.